# Курмандык чалуунун өкүмдөрү

[ Кыргызча – Kyrgyz – القرغيزي ]

## Алайчы Сейитбеков

# أحكام الأضحية

[ Кыргызча – Kyrgyz – القرغيزي ]

آلايتشي سعيدبيكوف

مراجعة: فريق اللغة القرغيزية بموقع دار الإسلام

**Курмандыктын мааниси:**

Курмандык сөзү араб тилиндеги «Курбан» деген сөздөн алынган. «Аллага жакын болуу» деген маанини туюндурат. Демек, кайсы бир малды Алланын ыраазылыгын тилеп, Ага жакын болуу максатында союу - курмандык кылуу болуп эсептелет. Алла Таала пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) **"Раббиң үчүн намаз оку жана курмандык чал"** *(Каусар сүрөсү, 2-аят)* деп буюруган.

**Курмандыктын тарыхы:**

Адамзат тарыхында бизге белгилүү болгон алгачкы курмандыктын бири Адам атанын балдарынын курмандыгы. Адам атанын балдары Кабыл менен Абылдын ортосунда келишпестик болуп, экөө атасына даттанып келишкенде, атасы: «Талашыңарды Алла чечет» деп,экөөсүн курмандык кылууга буйруйт. Экөө тең Алла Таалага курмандык кылууну чечишет. Алла Таала кимисинин курмандыгын кабыл кылса, ошонусунун айткан-дегени туура болмок. Дыйканчылык менен алектенген Кабыл бир боо будайды курмандык кылат. Мал-чарба менен алектенген Абыл бир койду жетелеп келет. Ошол заманда, Алла Таала кимдин курмандыгын кабыл кылса, аны асмандан түшкөн от жалмап күйгүзүп кетчү экен. Бул жолу от Абылдын курбандыгын күйгүзүп кетет. Анткени, ал Аллага жагуу максатында, Алланын улуулугун эске алып, койлорунун арасынан өзүнө жаккан семиз койду тандап келген болчу. Ал эми Кабыл болсо, «баары бир күйүп жок болот» деп, эгиндин арасынан даны түшүп саманы эле калганын алып келген экен.

Демек курмандык кылууда эң биринчи Аллага ыклас кылуу керек. Чын ыклас менен аткарылган курмандыкты Алла Таала кабыл кылат. Ошондой эле аткарылган курмандыктын каны да, башкасы да Аллага жетпейт. Алла Таалага пенденин ыкласы гана жетиштүү болот. Бул туурасында Курaанда: **«Алла Таалага курмандыктын кандары да, эттери да жетпейт. Бирок силердин такыбаңар менен ыкласыңар (таза ниетиңер) жетет»** *(Хаж сүрөсү, 37-аят)* деп айтылган.

Тарыхтагы дагы бир чоң курмандык Ибрахим пайгамбардын заманында болгон. Ал пайгамбар өмүрүн Аллага арнаган. Анын Аллага болгон ишенимин дагы бир жолу сынап көрүү үчүн Алла Таала ага баласын курмандык чалууга буйруду. Баласы Ысмайыл, Ибрахим пайгамбардын картайганда көргөн перзенти эле. Өзүнүн сүйүктүү уулун курмандык чалуу канчалык оор болсо да, Алланын буйругун кыйшаюусуз аткарган пайгамбар бул жолу да баласын курмандык кылууга даяр болду. Ыймандуу атанын ыймандуу баласы да Алла үчүн жан берүүгө даяр эле. Ата баласын курмандык кылуу үчүн бычак тартканда бычак кеспей койду. Анткени кулунун ыкласына ыраазы болгон Алла Тааланын сыноосу бүткөн эле. Алла Таала Ибрахим пайгамбарга бир кочкорду түшүрдү. Пайгамбар аны курмандык кылды.

Мындан сырткары да тарыхта пайгамбарыбыздын чоң атасы Абдумуталиптин баласы Абдулланын ордуна жүз төөнү курмандык чалганы ж.б. бир канча курмандыктар тууралуу маалыматтар бар.

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) дагы хижраттан кийин ажылыкка барган жылын эске албаганда бир да жылды курмандык чалбастан өткөргөн эмес. Пайгамбарыбыздан (ага Алланын салам-салаваты болсун) өрнөк алган сахабалар, андан кийинки мусулмандар бүгүнкү күнгө чейин курмандык чалып келүүдө.

**Курмандык чалуунун өкүмү:**

Ханафи мазхабынын аалымдарынын пикири боюнча, курмандык чалуу зекет берүүгө кудурети жеткен ар бир мусулманга ваажиб (милдет). Кээ бир аалымдар «Зекет бере албаса да кыйналбай курмандык кылууга күчү жеткен адамдарга милдет» деп айтышкан. Бул өкүмдөрдүн баары Алла Тааланын: **«(Оо, Мухаммад) Раббиң үчүн намаз оку жана мал сойгун»** деген аятынын негизинде чыгарылган *(Каусар сүрөсү, 2-аят).*

**Курмандык чалуунун пайдалары:**

Курмандыктын көптөгөн пайдалары бар. Аларды пайгамбарыбыздын (Ага Алланын салам-салаваттары болсун) төмөнкү хадистеринен байкоого болот:

Айша энебиз айтып жеткирген хадисте пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): «…Курмандык күндөрү Алла Таала үчүн адам баласы жасаган амалдардын ичинен кан чыгаруудан өткөн сүйүктүүрөк амал жок…» - деп айткан *(Имам Тирмизи,4\83).*

Зайд бин Аркам (Алла андан ыраазы болсун) айтат: "Сахабалар пайгамбарыбыздан: "Курмандык деген эмне?" - деп сурашканда, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун):

- Курмандык атаңар Ибрахимден калган сүннөт, - деп жооп берди.

Сахабалар: "Анын бизге кандай пайдасы бар? - деп сурашты эле, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун):

- Курмандык чалынган жандыктын ар бир түгүнө силер үчүн сооп берилет, - деп жооп берди *(Имам Ахмад 4\368; Хааким, Мустадрак, 2\422).*

**Курбандык чалуунун сырлары:**

1) Алла Таалага жакындоо;

2) Ибрахим пайгамбардын сүннөтүн тирилтүү;

3) Айт күндөрү үй-бүлөөгө жакшы маанай тартуулоо жана бей-бечараларга ырайымдуулук сезимдерин жаратуу;

4) Коомчулукта ынтымактуулукту күчөйтүү. Курбандык кылган адам менен курбандыкты алган адамдын ортосунда сөзсүз түрдө жакындык пайда болот;

5) Малдарды бизге моюн сундуруп бергени үчүн Алла Таалага шүгүр кылуу. Алла Таала Куранда: **«Эми андан жегиле жана кембагал, бей-бечараларды ырыскыландыргыла. Аны силерге ушинтип моюн сундуруп койдук, кана эми шүгүр кылсаңар…»** - деп айткан *(Хаж сүрөсү, 36-37-аяттар).*

**Курмандык чалуунун убактысы:**

Курмандык чалуу айт күнү Айт намазы окулуп бүткөндөн кийин башталып, үчүнчү айт күнүнө чейин уланат. Ханафи мазхабы боюнча айт намазына чейин жана төртүнчү айт күнүнө өтүп кеткенден кийин союлган жандык курбандык эсебине кирбейт. Ал жөн гана союлган мал катары эсептелинет. Ошондуктан курмандыктын эң жакшы убактысы айт намазы окулган соң союу болуп эсептелинет.

**Курмандык чалуунун жолу:**

Курмандык кылынуучу малды кыбылага каратып жаткырып, бычак тарткан мезгилде «Бисмиллахи валЛооху Акбар» же «Бисмиллахи валЛооху Акбар, Аллоохумма хаза минка ва лака, Аллоохумма такаббал минни» деп айтуу керек. Экинчи дубанын мааниси: «Алланын ысмы менен, Алла эң Улуу! Оо, Алла! Бул (курмандык) Өзүң тараптан жана Өзүңө арналган, Оо, Алла! Менден Өзүң кабыл кыл»[1]. Курмандыкты ар ким өзү сойсо жакшы (сүннөт). Өзүнүн атынан башка кишилерди өкүл кылып сойдурса да болот.

**Курмандык кылууга жарактуу мал-жандыктар:**

Алла жолуна курмандык кылуу кой, эчки, уй жана төө сыяктуу жандыктардын бирин союу менен аткарылат. Кой менен эчки бир жашка толгон болуусу керек. Эгерде кой семиз жана чоң болсо жарым жашка толсо да курмандыкка жарай берет. Эчки бир жылдыктан экинчи жылга өткөндө, уй экиден үчкө өткөндө, төө төрттөн бешке өткөндө курбандыкка жароочу болуп эсептелет. Курмандыкка аталган жандык сопсоо жана денелик айыптардан таза болуусу керек. Көзү көр, чолок, мүйүзү түбүнөн сынган, кулагы түбүнөн кесилген, өзү баса албай тургандай арыктаган, ылаңдаган ж.б.у.с. жандыктар курмандыкка жарабайт.

[1] (Муслим, Байхаки)

**Курмандыктын эти:**

Эт үч бөлүккө бөлүнүп, бир бөлүгүн өз үй-бүлөөсү менен жеп, экинчисин кошуна, дос-бурадарларына, ал эми үчүнчүсүн колунда жок муктаж адамдарга таратып берүү жакшы. Анын териси жана шыйрактарына чейин садага кылынууга тийиш. Курмандык кылууда кой менен эчкини бир адам, ал эми төө менен уйду жети адамга чейин биригип курмандык кылууга болот.

**Курмандыкты сойгон касапчыга** курбандыктын этинен эмгек акы берилбейт. Анткени курмандык толук бойдон садага болуусу керек.

Пенденин ар бир жасаган амалы Алла Тааланын алдында сакталуу. Эртедир-кечтир Анын алдына барган кезде ал амалдардын же пайдасын, же зыянын көрөбүз. Ошондуктан ата-эне да, бала-бакыра да, мал-мүлк да, байлык-бийлик да пайда бербей турган күндө пайдасы тийчү, Аллага жакындатуучу амалдарды аткарып, көбүрөөк курмандык кылууга аракет кылалы. Жаратканга жакын болсоң, жашооңдун жарык болору шексиз. Алла Таала ар бирибизди курмандык чалуучулардын катарында кылсын жана чалган курмандыктарыбызды кабыл кылсын.